Жакшы адамым

Сөзү Байбугуева Күлбүбү

Обону Кыязов Адылбек

Нур болуп, жанып турган жакшы адамым,

Дүйнөдө кандай сонун, сенин барың.

Кутман таң каалап, кечте жакшы жат деп,

Жаныма кубат берет, айткандарың.

"Жарк" этип, топ ичинен жарып келип,

Сен чачкан шоола мага жарык берип.

Жакшы күн, улуу жолго чыйыр салып,

Жашоомо маяк болду, багыт берип.

Сыркоолоп калсам кээде, дары болуп,

Өмүрдүн бал татыган даамы болуп.

Көңүлдү көкөлөтүп, аман жүрчү,

Мен күткөн, жакшылыктын баары баары болуп.